# ТЕКШЕРҮҮЧҮ СУРООЛОР

Муниципалитеттин деңгээлинде коомдук иш-чараларды уюштурганда жана өткөргөндө гендердик өңүттөр эсепке алынышы үчүн төмөнкүдөй текшерүүчү суроолорго жооп бериш керек:

- Катышуучулардын тизмеси жыныс белгиси, жаш курагы жана этностук тийиштүүлүгү боюнча балансталганбы?
- Иш-чарада аялдардын жана эркектердин тең катышуусу кантип камсыздалат?
- Иш-чаранын күн тартибинде каралчу маселелер калктын кайсы топторуна багытталган (аялдарга гана, эркектерге гана, экөөнө тең, калктын башка топторуна)?
- Коомдук иш-чараларды өткөргөндө өзгөчө гендердик балансты камсыздоо үчүн калктын ар бир тобу боюнча кандай маалыматтар бар?
- Иш-чаранын күн тартибинде каралчу маселелер турмушуна таасирин тийгизе турган адамдар менен консультациялар өткөрүлгөнбү жана бул процессте гендердик балансты камсыздоого кандай көңүл бурулган?
- Иш-чаранын күн тартибин түзгөндө эркектердин жана аялдардын кандай муктаждыктары жана кызыкчылыктары эсепке алынды?
- Коомдук иш-чараны уюштуруунун жана өткөрүүнүн бардык этаптарында гендердик баланс сакталганбы?
- Аялдарга жана эркектерге иш-чарага катышууга кандай социалдык, укуктук жана маданий мүнөздөгү тоскоолдуктар жаралышы мүмкүн?
- Иш-чаранын күн тартибинде каралган маселелерди талкуулоонун жыйынтыктарын аныктаганда аялдардын жана эркектердин пикирлери эсепке алынганбы?
- Аялдардын жана эркектердин тең катышуусу алдыга коюлган максаттарга жетүүдө кантип көмөктөшөт?

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Embassy of Switzerland in the Kyrgyz Republic
Кыргыз Республикасындагы Швейцариянын Элчилиги
Посольство Швейцарии в Кыргызской Республике

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE



# Муниципалитеттердин деңгээлинде коомдук иш-чараларды уюштурганда жана өткөргөндө гендердик өңүттөрдү эсепке алуу боюнча практикалык сунуштар

*Басылма Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган «Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс» Долбоорунун алкагында даярдалды жана басып чыгарылды*

### 1-этап. Коомдук угууларды өткөрүү демилгесин көтөрүү

ЖӨБО да, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнөн турган демилгелүү топ да демилге менен чыга алышат. Демилгелүү топко ЖӨБО кызматкерлери жана жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү кирет. Бул жумушчу топтун курамы гендердик жактан балансталган болууга тийиш.



### 2-этап. Коомдук иш-чаралардын катышуучуларын аныктоо

Айылдык чогулуштар жана коомдук угуулар өңдүү коомдук иш-чараларга муниципалитеттин бардык жашоочулары чакырылат. Анткен менен катышуучулардын кандайдыр бир тизмеси болушу керек. Бул тизме да гендердик жактан балансталууга тийиш.

Жамааттын муктаждыктарын биргелешип аныктоодо катышуучулардын тизмесин социалдык топтордун көп түрдүүлүгүн эсепке алуу менен түзүш керек. Башкача айтканда, жынысы, жаш курагы, диний ишеними, этностук тийиштүүлүгү белгилери боюнча тартылышы керек. Ошондой эле коомдогу өзгөчө аярлуу топтун өкүлдөрү да чакырылат.

Эгерде ЖМБА-иш-чараларын өткөргөндө тигил же бул жыныстын катышуусунун пайыздык көрсөткүчү аз болуп жатса, мунун себептерин аныктап, алардын катышуусун жогорулатуу үчүн атайын иш-чаралар өткөрүлүүгө тийиш. Эгерде иш-чарага аялдар катышып, бирок ЖМБА-сессияларында талкуу процессине тартылбай жатса, аялдар үчүн гана кошумча сессияларды өткөрүү сунушталат.

### 3-этап. Иш-чара өтчү жерди аныктоо

Эгерде иш-чара (чогулуш, коомдук угуулар) бир бөлмөдө же жайда өтүп жатса, анда температуралык режим сакталышы керек.

Ошондой эле иш-чара өтчү жердин жайгашкан аймагын, транспорт менен, же жөө эле жетип алууга боло тургандын эсепке алуу маанилүү. Жетүүгө оңой болбогон жерге жашоочулардын катышуусун камсыздоо үчүн транспорт уюштуруп, же башка кошумча чараларды көрүү сунушталат.

### 4-этап. Иш-чара өтчү убактысы

Иш-чара өтө турган убакытты белгилеп жатканда мындай суроого жооп издеш керек: бул сааттарда иш-чарага мүмкүн болушунча көп сандагы катышуучулар келип береби? Иш-чара өтчү саатты аялдардын жана эркектердин бош убактысын эсепке алуу менен тандап алуу зарыл.

Иш-чараны пландоодо анын жалпы узактыгы күн тартибине жараша 1-3 сааттан ашырбаш керек. Коомдук иш-чараларга алдын ала даярданып, карала турган маселелердин тизмесин аныктап, иш-чаранын регламентин кармануу керек.

### 5-этап. Иш-чараны даярдоо

Коомдук иш-чараны уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топту түзүп жатканда ал топтун курамында гендердик балансты эсепке алуу зарыл.



### 6-этап. Коомдук иш-чаранын күн тартибин иштеп чыгуу жана күн тартибиндеги негизги маселелер боюнча баяндамаларды, сөз сүйлөөчүлөрдү жана баяндамачыларды даярдоо

Күн тартибинин өзү гендердик жактан нейтралдуу болууга тийиш. Анткен менен күн тартибиндеги негизги маселелер боюнча баяндамаларды даярдоодо милдеттүү түрдө гендердик өңүтүн баса белгилөө зарыл. Сөз сүйлөөчүлөрдү жана баяндамачыларды даярдаганда эркектерге да, аялдарга да сөз сүйлөөгө мүмкүнчүлүк бериш керек.



### 7-этап. Маалыматтык иш-чаралар

ЖӨБ органдары катышуучулар арасында эркектердин да, аялдардын да бирдей катышуусун камсыздоо максатында коомдук иш-чараны өткөрүү тууралуу калкты маалымдоо жана кабардар кылуу үчүн түрдүү каражаттарды колдонууга тийиш. Маалымат берилип, атайын чакырыла тургандардын тизмесин тактап жатканда бул тизме гендердик жактан балансталган болууга тийиш.

Эч жерде иштебей, бала багып, үйдө отурган аялдарды да камтуу үчүн аялдар кеңештери, айылдык ден соолук комитеттери, мектептердеги ата-энелер комитеттери ж.б. аркылуу маалыматты таратуу зарыл. Ошондой эле лидер аялдар, мугалимдер, бала бакчалардын тарбиячылары менен иш алып баруу да аялдарды көбүрөөк тартуунун натыйжалуу ыкмасы боло алат.

Айылдык чогулуш, же коомдук угууларга «чейин» маалымат өнөктүгүн өткөргөндө афишалар, чакыруу баракчалары жана бюллетендер колдонулат. Афишаларды жана бюллетендерди даярдап жатканда адамдардын сүрөтү кошула турган болсо, анда ал да гендердик жактан балансталууга тийиш.

Иш-чарадан «кийинки» маалымат өнөктүгү – бул бери дегенде иш-чарага түшкөн суроолор жана сунуштар; мында да гендердик өңүтү эсепке алынууга тийиш.

### 8-этап. Иш-чараны документтөө

Калктын катышуусу менен бардык иш-чараларды өткөргөн маалда катышуучулардын жыныс белгиси жана жашаган жери боюнча ирилештирилген маалыматтарды чогултуу сунушталат.

«Катышуучулардын курамында/тизмесинде гендердик баланс» - эркектер да, аялдар да болуп, бир жыныстын өкүлдөрүнүн саны коомдук иш-чаранын катышуучуларынын жалпы курамында/тизмесинде 50% ашпаш керек дегенди билдирет.